Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоонун абалы жөнүндө 2026-жылдын 9 айына маалымат

Рецепттерди жазуу. 2026-жылдын 9 айына ҮМБ/ҮДТнын дарыгерлери тарабынан баардыгы 1281,0 миң, анын ичинен МКП боюнча жеңилдетилген категориядагы оорулууларга 164,9 миң рецепт (13%), ММК КП боюнча камсыздандырылган категорияга 1116,0 миң (87%) рецепт жазылган.

Камсыздандырылган калктын негизги категориялары боюнча пенсионерлерге 245,7 миң рецепт (22%), иштегендерге жана жеке ишкерлерге 216,9 миң (19%), балдарга жана студенттерге 131,4 миң рецепт (12%), социалдык жөлөкпул алган адамдарга 52,2 миң (5%) рецепт жазылып берилди. Кош бойлуулугуна байланыштуу диагнозу менен 301,5 миң жеңилдетилген рецепт жазылып берилген, бул 27% ды түздү.

Жеңилдетилген категориядагы оорулуулардын ичинен ГБ менен ооругандарга 95,2 миң рецепт (58%), Эпилепсия менен ооругандарга 26 миң (16%), психикалык бузулуулар менен ооругандарга 18,8 миң (11%), бронхиалдык астма менен ооругандарга 16,1 миң (10%), онкологиялык оорулууларга 8,9 миң рецепт (5%) жазылган.

Ордун толтуруу. Мамлекеттик каражаттардын 1017,7 (79%) миң рецепттери боюнча сатылган дары-дармек каражаттары үчүн ордун толтуруу суммасы 332 млн сомду түздү, анын ичинде МКП боюнча жеңилдетилген категориядагы оорулуулар 46 млн сомду (14%), камсыздандырылган категория 286 млн сомду (86%) түздү.

Сатылган дары-дармектер боюнча компенсациянын өлчөмүнүн үлүшү ГБ менен ооругандарга 44% (20193,4 миң сом), Эпилепсия менен ооругандарга 17% (7948 миң сом), бронхиалдык астма менен ооругандарга 13% (5951,8 миң сом), онкологиялык оорулууларга 15% (6812,2 миң сом), психикалык бузулуулары барларга 11% (5086,8 миң сом) түздү.

Калктын негизги камсыздандырылган категорияларынын арасында 286,0 млн сом компенсациянын өлчөмү төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү: пенсионерлер 19% (53850,3 миң сом), жумушчулар жана жеке ишкерлер 19% (55147,4 миң сом), балдар жана студенттер 23% (64484,9 миң сом), социалдык жөлөкпул алган адамдар 4% (12609,8 миң сом) ж.б. Кош бойлуулукка байланыштуу диагнозу бар жана дары-дармек каражаттарын алган аялдарга 87221,1 миң сом же ордун толтуруунун бардык суммасынын 30%.

ММК рецепттери боюнча ордун толтуруунун орточо деңгээли 64,9% ды, МКП рецепттери боюнча (Базистик баадан 50% компенсация белгиленген Бисопрололдун рецепттерин эсепке албаганда) 90,2% ды түздү.

Дарыканалардын иши. Отчеттук жылдын 1-октябрына карата жеңилдетилген рецепттер менен 141 дарыкана жана 606 дарыкана пункттары иштейт, мында фармацевтикалык кызмат көрсөтүүчүлөр менен 143 келишим түзүлгөн. Жеңилдетилген программалардын алкагында иштеген дарыканалары жок калктуу конуштардын тармагы өзгөрүүсүз калат – 147.

Гемофилия менен ооруган балдарды дары каражаттары менен камсыз кылуу. Саламаттык сактоо мекемелеринин отчеттук маалыматтары

боюнча каттоодо Гемофилия менен ооруган 169 балдар турат, анын ичинде Гемофилия А -138, Гемофилия В - 27, Виллебранд оорусу - 4.

9 ай ичинде 111 (66%) бейтаптын арасында бөлүштүрүлгөн Кан факторунун жалпы саны 999 миң МЕ түзөт.